“Бекитемин”

Ош мамлекеттик университетинин ректору,

физика-математика илимдеринин доктору,

профессор____________ Кожобеков К.Г

“____” 14-апрель 2021-ж.

Жетектоөчү мекеменин Качкын уулу Алтынбектин “Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу (педагогикалык дисциплиналарды окутууда)” аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына

## РАСМИЙ ПИКИР

1. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**. Кыргыз Республикасындагы социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шарттарында айыл жергесин өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл буруунун зарылдыгы бир нече маанилүү факторлор менен шартталган. Биринчиден, өлкөбүздө чарба жүргүзүүнүн дээрлик бардык тармактарын санариптештирүүгө жана модернизациялоого багыт алышы келечек муундарга сапаттуу билим жана таалим-тарбия берүүнү көздөйт. Экинчиден, республикабыздын билим берүү системасынын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кошулушу, билим берүү жаатындагы бөлөк өлкөлөрдүн алгылыктуу тажрыйбаларын талдоого, синтездөөгө жана үйрөнүүгө коңүлүбүздү бурат. Үчүнчүдөн, Кыргызстанда иштеп жаткан мектептердин 70%дан ашыгы айыл-кыштактарда жайгашкан. Мындан, айыл тургундарынын рухий-маданий деңгээлдерин көтөрүү көйгөйлөрүн чечүү зарылдыгы келип чыгат. Айыл мектеби билимдин жана маданияттын очогу болуп саналгандыктан, анда эмгектенген мугалимдердин кесиптик-педагогикалык маданиятынын деңгээлдери, көтөрүлүп жаткан көйгөйлөрдү натыйжалуу чечүүнүн өзөктүү жолдорунун бири экени жүйөлөнөт.

Изденүүчү тарабынан тиешелүү педагогикалык, психологиялык илимий булактарды жана адабияттарды окуп-үйронүүнүн негизинде Кыргызстандын

айыл мектептери үчүн мугалимдерди даярдоо маселелери, алардын кесиптик-педагогикалык маданиятын (КПМ) калыптандыруунун озгөчөлүктөрү жана шарттары жетиштүү түрдө каралбаганы аныкталган.

Диссертант мугалимдин кесиптик-педагогикалык маданиятын (КПМ) калыптандырууга байланыштуу илимий-педагогикалык адабияттарды жана педагогикалык практиканы талдоонун негизинде төмөндөгүдөй *карама-каршылыктарды* аныктаган:

-*социалдык-педагогикалык деңгээлде*: айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМына коюлган талаптын жогорулашы менен мугалимдин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттарынын теориялык негизделишинин ортосундагы;

-*илимий-педагогикалык деңгээлде:* айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандырууну илимий-теориялык жактан негиздөөнүн зарылдыгы менен педагогика илиминде бул багытта изилдоолордүн жетишсиздигинин ортосундагы;

-*илимий-методикалык деңгээлде:* айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын тарбиялоонун, өркүндөтүүнүн зарылдыгы менен ЖОЖдо тарбиялоочу чөйрөнү түзүү боюнча усулдук сунуштардын жетиштүү иштелип чыкпагандыгынын ортосундагы.

Жогоруда белгиленген карама-каршылыктарды жоюу, “Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын кантип калыптандыруу керек?” – деген суроо **изилдөөнүн проблемасын** түзгөн. Мына ушуга байланыштуу каралып жаткан прөблеманын актуалдуулугу **“Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу (педагогикалык дисциплиналарды окутууда)”** – деген аталыштагы теманы тандап алууга түрткү берген.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты** катары айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун теориялык моделин иштеп чыгуу жана аларды педагогикалык экспериментте текшерүүдөн өткөрүү алынган.

**Изилдөөнүн милдеттери** болуп:

1. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМнын теориядагы жана практикадагы абалын аныктоо.
2. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМнын мазмунун, структурасын, функцияларын, критерийлерин жана деңгээлдерин ачып көрсөтүү.

3. ЖОЖдо педагогикалык дисциплиналарды окутууда айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо жана аны ишке ашыруунун теориялык моделин иштеп чыгуу.

4. Иштелип чыккан теориялык моделдин натыйжалуулугун педагогикалык экспериментте текшерүү эсептелет.

**Изилдөөдө алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы** төмөндөгүлөрдө турат: республиканын билим берүү системасын модернизациялоо процесстеринин шартында айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандыруунун орду, бул маселенин теориядагы жана практикалык абалы аныкталганында. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМнын маңызы, мазмуну, компоненттери, критерийлери, деңгээлдери жана аны калыптандыруунун педагогикалык шарттары аныкталып, КПМын калыптандыруунун теориялык моделинин иштелип чыкканында. КПМын калыптандыруунун педагогикалык шарттарынын жана теориялык моделинин натыйжалуулугу педагогикалык экспериментте текшерилип, илимий-педагогикалык жактан негизделген практикалык сунуштар берилгенинде.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык маанилүүлүгү** болуп төмөндөгүлөр саналат: диссертацияда алынган теориялык жоболор жана жыйынтыктар педагогикалык окуу жайлардын окутуучулары, студенттери, мугалимдердин квалификациясын жогорулатуучу курстардын угуучулары, мектеп мугалимдери тарабынан колдонулат. Изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталган педагогикалык шарттар, теориялык модель айыл мектебинде эмгектенүүгө ыңгайлашкан мугалимди даярдоого жардамын тийгизет. КПМнын сунушталган компоненттери, критерийлери жана деңгээлдери айыл мектебинин мугалимдеринин кесиптик компетенцияларын баалоодо кошумча инструмент катары колдонулат.

**Изилдөөдө коргоого коюлган негизги жоболор** учурда чечүүнү талап кылган актуалдуу проблемалардын бири экендиги талашсыз:

1. “Педагогикалык маданият”, “кесиптик маданият”, “айыл мектебинин мугалиминин КПМ” түшүнүктөрүнүн маңызы. Айыл мектебинин мугалиминин КПМ – бул социалдык-экономикалык, маданий, этнопедагогикалык жагдайлар менен шартталган, педагогикалык баалуулуктарды жана педагогикалык технологияларды өздөштүрүүгө, айыл жергесинде кайра жаратуучулук, маданият таратуучулук функцияларды аткарган, билим берүүчүлүк чөйрөнү

түзүүгө багытталган мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгүн чагылдырган комплекстүү түшүнүк.

2. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМынын аксиологиялык, технологиялык, инсандык-чыгармачылык компоненттери. КПМтын гносеологиялык, гуманисттик, коммуникативдик, окутуучу, тарбиялоочу, маданият таратуучу жана маалыматтык функциялары. КПМнын калыптануу деңгээлдери: репродуктивдүү, продуктивдүү жана креативдүү; критерийлери: баалуулук мамиле, технологиялык активдүүлүк, инсандык-чыгармачылык активдүүлүк.

3. Педагогикалык дисциплиналарды окутуу процессинде айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандырууга коюлган милдеттерди чечүүнүн педагогикалык шарттары (этнопедагогикалык шарт, айыл мектептеринде эмгектенген новатор-педагогдордун илимий-методикалык тажрыйбаларын үйрөнүү; айыл мектептери менен таанышуу; жекечелештирүү жана дифференцирлөө). Максаттык, мазмундук, технологиялык жана жыйынтыктоочу-баалоочу блоктордон турган айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандыруунун теориялык модели.

4. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандыруу боюнча педагогикалык эксперименттин натыйжалары жана практикалык сунуштар.

**Изилдөөдө изденүүчүнүн жеке салымы** төмөндөгүдөй далилдүү тыянактар менен тастыкталган:

1. ЖОЖдордо студенттердин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу иштерине жеткиликтүү маани берилбей жатканы аныкталган.
2. Изилдөө ишинде кеситик-педагогикалык маданияттын гносеологиялык, гуманисттик, коммуникативдик, билим берүүчү, тарбиялоочу, маданият таратуучу жана маалыматтык функциялары айыл мектебинин шарттарына ылайыкталып берилген.
3. Айыл мектептеринин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен КПМынын аксиологиялык, технологиялык жана инсандык-чыгармачыл компоненттери аныкталган.

КПМнын калыптануу деңгээлдери: репродуктивдүү – төмөн деңгээлди түшүндүрөт, продуктивдүү – орто, ал эми креативдүү – жогору деңгээлди билдирет.

Кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруу боюнча текшерүүчү жана эксперименттик топтордо констатациялык эксперимент өткөрүлгөн; анын

жыйынтыгы калыптандыруучу эксперименттин материалдарын тактоого, педагогикалык шарттарды аныктоого, теориялык моделди иштеп чыгууга жардам берген.

Констатациялык жана калыптандыруучу эксперименттер төмөндөгүдөй децгээлдерди: репродуктивдүү, продуктивдүү, креативдүү аныктоо, ал эми критерийлери болуп: баалуулук мамиле – тандаган кесибине, окуучуларына жана педагогикалык иш аракетке болгон мамилеси, технологиялык активдүүлүк – педагогикалык идеяларды, форма, метод, каражаттарды колдонуу, инсандык-чыгармачылык активдүүлүк – өзүно, окуучуларынын, кесиптештеринин, айыл тургундарынын инсанына болгон мамиле, - саналып, алынган натыйжаларды талдоонун негизинде айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандыруунун максаттуу багыттарын жана шарттарын аныктоого өбөлгө түзүлгөн.

Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМнын педагогикалык дисциплиналарды окутууда илимийлүүлүк, практика менен байланыш, жаратылышка жана маданиятка шайкештик, билим берүүнүн тарбиялык мүнөзү принциптерине таянуу менен төмөндөгүдөй педагогикалык шарттар аныкталган: педагогикалык процесстин этнопедагогикалык багыттуулугу, айыл мектептеринде иштеген новатор-педагогдордун илимий-методикалык тажрыйбаларын үйрөнүү, айыл мектептери менен таанышуу, студенттер менен иштөөнү дифференцирлөө жана жекечелештирүү кирген.

Аталган педагогикалык шарттар практикада текшерилип, бул багыттагы иш аракеттерди пландуу нукта жүргүзүүнүн илимий-педагогикалык жолдору сунушталган.

Теориялык булактарга, педагогикалык практикага таянуу менен изилдөөнүн натыйжасында студенттердин КПМын калыптандыруунун теориялык модели аныкталган жана моделди практикада колдонуунун усулдары берилген.

**Изилдөөнүн натыйжалары** 2013-2020-жылдарда өткөрүлгөн республикалык жана эл аралык илимий-практикалык конференцияларда апробацияланган. Диссертациянын материалдары Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин эл аралык илимий-практикалык конференцияларында (2013, 2014, 2019), И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин эл аралык илимий-практикалык конференцияларында (2015, 2016, 2017, 2018), Х. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин эл аралык илимий-практикалык конференциясында (2018), МУИТтин эл аралык илимий-практикалык конференциясында (2018) баяндалган жана талкууланган. Изилдөөнүн негизги

жыйынтыктары 25 илимий макалаларда, анын ичинен 9 эмгек РИНЦ системасындагы журналдарда жана 2 окуу-методикалык колдонмолордо чагылдырылган, алар толугу менен диссертациянын мазмунуна дал келет жана ЖАКтын №10 пунктунун талаптарына жооп берет.

Качкын уулу Алтынбектин диссертациялык иши авторефераттын мазмунуна дал келет жана анын негизги жоболорун чагылдырат. Диссертация жана автореферат логикалык жактан туура байланышта түзүлгөн.

**Диссертациянын мазмунунда жана авторефератта байкалган айрым мүчүлүштүктөр:**

1. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандыруунун моделинин практикалык ишке ашырылышынын жолдоруна кененирээк токтолсо болмок.
2. Кыргыз Республикасынын Эл мугалими Бектур Исаковдун, КРнын эмгек сиңирген мугалими, педагогика илимдеринин кандидаты Г. Мадаминовдун жана башка айылда эмгектенген көрүнүктүү мугалимдердин КПМты калыптандыруу, алардын өзүн-өзү өнүктүрүү багытында жүргүзүшкөн ишмердүүлүктөрү тереңирээк каралса болмок.
3. Айыл мектебинин мугалиминин КПМын калыптандырууга санариптик технологиялардын тийгизген таасирлерин иликтөө келечектин маселеси деп ойлойбуз.
4. Диссертациялык иште айрым техникалык (4-,9-,22-,76-беттер) жана стилистикалык мүнөздөгү каталар кездешет.

Жогоруда көрсөтүлгөн мүчүлүштүктөр диссертациялык иштин жалпы жыйынтыктарынын теориялык жана практикалык маанисин төмөндөтпөйт.

Качкын уулу Алтынбектин “Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу (педагогикалык дисциплиналарды окутууда)” аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын өз алдынча аткарылган изилдөө катарында кароого болот.

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын “Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү” Жобосунун 10-пунктунун талаптарына толук жооп берет.

Ал эми изденүүчү Качкын уулу Алтынбекти 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейбиз.

Качкын уулу Алтынбектин диссертациялык ишине жазылган жетектөөчү мекеменин пикири Ош мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын кеңейтилген жыйынынын отурумунда 2021-жылдын 13-апрелинде (№7 протокол) талкууланып бекитилди.

**Катышкандар:**

1. Момуналиев С. – пед. ил доктору, профессор (13.00.01);
2. Зулуев Б.Б. – пед. ил. доктору (13.00.01);
3. Колдошев М. – педагогика кафедрасынын башчысы, пед. ил. кандидаты, доцент (13.00.01);
4. Муратбаев Б.Б. – пед. ил. кандидаты, доцент (13.00.01);
5. Тажикова Б.Ш. – пед. ил. кандидаты, доцент (13.00.01);
6. Батыралиев А. – пед. ил. кандидаты, доцент (13.00.01);
7. Исаев А.А. – пед. ил. кандидаты, доцент (13.00.01);
8. Жутанова Г.А. – пед. ил. кандидаты, доцент (13.00.01);
9. Бабаев М.Д. – пед. ил. кандидаты, доцент (13.00.01);
10. Божонов З.С. – пед. ил. кандидаты (13.00.01);
11. Аблабекова Ж. – пед. ил. кандидаты, доцент (13.00.01);
12. Сапарова Б.С. – улук окутуучу;
13. Бегматов С.И. – улук окутуучу;
14. Жакупова Г.С. –улук окутуучу.

Отурумдун төрагасы,
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент: Колдошев М.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

Ош МУ
Тастыктаймын
20____ж. «_____»__________
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турдубаева Г.